**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Ош областы**
**Алай району**
**Жибек-Жолу айыл аймагынын**
**айылдык кеңеши мекемеси**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Ошская область**
**Алайский район**
**Учреждение айылный кенеш**
**айылного аймака Жибек-Жолу**

723008 Согонду айылы,тел:(03234) 6-01-23, Эл.почта: Zhibek.zholu.24@mail.ru

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз I отурумунун**

**ТОКТОМУ № 8**

Согонду айылы 15.03.2024-жыл

Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бириккен жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн сметасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "КР айыл акмактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде админстративдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февральындгы №24 "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө" жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февральындагы №52 "Пилоттук режимде админстативдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун негизинде Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ленин жана Бүлөлү айыл өкмөттөрүн бириктирүү жолу менен кайрадан Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемеси түзүлгөндүгүнө байланыштуу жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү **42774,5** миң сомго,анын ичинен тендештирүүчү трансферт **23545,6** миң сомго,өздүк киреше **19228,9** миң сом (анын ичинен атайын каражаттар **1809,5** миң сом) болуп бекитилсин;
2. Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемеси 2024-жылдын 1-январына карата 2023-жылда пайдаланылбай калган **3322,7** мң сом, анын ичинен атайын караажаттар эсебиндеги **254,2** миң сом калдык акча каражатын 2024-жылдын киреше жана чыгаша бөлүгүнө кошумча киргизилсин жана жогорудагы акча каражатын Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн сметасына киргизип берүү жагы Алай райондук финансы башкармалыгынан суралсын;
3. Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бириктирилген сметасындагы көрсөтүлгөн акча каражатын мыйзам чегинде жумшоо жана пайдалануу жагы бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча мыйзамдуу жумшалышын камсыздоо жагы Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Тажибаевке жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Б.Мамановко милдеттендирилсин;
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет,экономика,муниципалдык менчик,айыл чарбасы,инвестиция,ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Жибек-Жолу айылдык айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Орозали уулу Таалайбек**